2. Аленчева Е., Монастырев Н. Этапы создания электронных учебников // Высшее образование в России.-2001.-№3с.103-106.
3. Артыкова Ж.А., Артыкова Н.А. Электрондук окуулук келечектеги адистин маалыматтык маданиятын калыптандыруучу каражат// Весник КУУ-2015.-№3-4,-с.85-91.
4. Алыбаева К.С., Нурматова М.Н. Билим берүүнүн парагдигмалары жана мугалимдин кесиптик компетенциялары //Вестник ОшГУ.-2013.№,-с.291-295.
5. Жунусалиев С. “ Информатика// Бишкек-2012.№,-с.26-27.
6. Положение об электронном учебно-методическом комплексе по дисциплине для высших учебных заведений: 2008 г. – www.edubelarus.info/uploads/base/Pologenie_EUMK.pdf. – Дата доступа: 18.10.2014.
7. Шваркова Г.Г. Современная трактовка электронного учебника. Типология, необходимые структурные элементы / Г.Г. Шваркова, В.М. Галынский. – http://elib.bsu.by/bitstream/123456789/36494/1/93.pdf. – Дата доступа: 24.10.2014.
8. Гультяев А. Разработка мультимедийных учебных курсов [Текст] / А. Гультяев. – СПб: Учитель и ученик: Корона, 2002. – 400 с.
9. WWW.EDU.GOV.KG-Билим беруу министринин сайты

УДК:37.034
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(2)-192-198

**Байтикова Бактыгүл Батырбековна, Пазиева Аида**
Ош мамлекеттик университети, Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Ош мамлекеттик университети, окутуучу
**Байтикова Бактыгуль Батырбековна, Пазиева Аида**
Ошский государственный университет, кандидат педагогических наук, доцент
Ошский государственный университет, преподаватель
**Baitikova Baktygul Batyrbekovna, Pazieva Aida**
Osh State University, candidate of pedagogical sciences, associate professor
Osh State University, teacher

# ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН КОЛДОНУУ
# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ЧЫНГЫЗА АЙТМАТОВА В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ ПОДРОСТКОВОГО ВОЗРАСТА
# THE USAGE OF CHYNGYZ AITMATOV’S WORKS IN RAISING TEENAGE CHILDREN

**Кыскача мүнөздөмө.** Бүгүнкү күндүн балдары бат ойлонгон, кыска маалыматтарды кабыл алган, бирок китеп окууга көп деле кызыкпаган муун десек болот. Бул боюнча эмне кылабыз деп агартуу тармагында иштегендер изденип келет. Макалада кыргыз адабияты предметин окутууда жаш балдарды кантип китеп окууга кызыктыруу, турмушка тарбиялоо, руханий жактан байытуу, көркөм сөз чеберчилигин арттыруу боюнча сөз болот жана Чыңгыз Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” чыгармасындагы “Эне-Бейит” тууралуу уламышты

колдонуу сунушталат. Бул чыгарма өспүрүм курактагы балдарды тарбиялоодо мыкты каражат боло алат. Анткени, берилген үзүндүлөр аркылуу студенттер (окуучулар) бүгүнкү технологиялык жактан тез өнүккөн коомдо маңкурттар сымал болбостон, адам болуп жашоо зарыл экендигин түшүнүшөт. Макалада уламышты окутууда адам болууга, өтмүшүбүздү унутпоого, боорукер, мээримдүү болууга тарбиялоо боюнча сабакты өтүүнүн жолдору жана ыкмалары көрсөтүлдү.

**Аннотация.** Сегодняшних детей можно назвать поколением, которое быстро соображает, воспринимает краткую информацию, но мало интересуется чтением книг. Те, кто работает в сфере образования, ищут, что с этим делать. В данной статье предлагается использовать легенду о «Эне-Бейит» из произведения Чингиза Айтматова «И дольше века длится день» в преподавании предмета кыргызской литературы, чтоб заинтересовать детей подросткового возраста чтением, воспитать их в жизни, обогатить духовно, и улучшить навыки художественного выражения. Это произведение может стать отличным пособием для воспитания детей подросткового возраста. Ведь через приведенные отрывки студенты (ученики) понимают, что в современном технологически быстро развивающемся обществе надо жить по-человечески. В статье были представлены способы и методы преподавания урока быть человеком, не забывать свое прошлое, быть добрым и любящим.

**Abstract.** Today's children can be said to be a generation that thinks quickly and perceives brief information, but they are not very interested in reading books. Those who work in the field of education are looking for what to do about this. This article proposes to use the legend of "Mother-Beyit" from Chingiz Aitmatov's work "Kylym karytar bir kun" in the teaching of the subject of Kyrgyz literature, which aims to raise children’s interest in reading, educate them in life, enrich them spiritually, and improve artistic expression skills. This work can be an excellent tool for educating teenage children. After all, through the given excerpts, students (pupils) understand that in today's technologically rapidly developing society, it is necessary to live as a human being, but not as mankurts. In the article, the ways and methods of teaching the lesson to be human, not to forget our past, to be kind and loving are presented.

**Негизги сөздөр:** сабак, Ч.Айтматов, интеграция, тарбия, өспүрүмдөр, тексттер, маңкурт, Эне-Бейит

**Ключевые слова:** урок, Ч. Айтматов, интеграция, воспитание, подростки, тексты, Эне-Бейит

**Keywords:** lesson, Ch. Aitmatov, integration, upbringing, teenagers, texts, grave, Mother-Beit

Бүгүнкү күндө өспүрүм куррактагы окуучуларды же болбосо атайын орто кесиптик окуу жайлардын студенттерин турмушка тарбиялоо мугалимден көп эмгекти жана чыгармачылыкты талап кылат. Анткени, мугалим бир эле учурда билим берүүчү, тарбиячы, керек жагдайда кеңешчи жана досу болуусу зарыл. Ал эми бүгүн мугалимге да, ата-энеге да өспүрүм куракактагы балдарды тарбиялоо кыйындыкты туудурат. Алардын мектепте, окуу жайда жана башка булактардан алган маалыматтары өтө эле көп, аны талдап “сиңириши” керек, анын үстүнө өспүрүмдөрдүн өз жан дүйнөсүнө көңүл буруулары аябай курчуп барат дешет. Изденип, чыгармачылык менен иштеген устат педагогдор бул факторлорду өтө чеберчилик менен пайдаланып, окуучулардын интеллектуалдык байлыктары менен сезимталдык маданиятынын шайкештигин камсыз кылуу аркылуу чоң ийгиликтерге

жетишип жатышат. Билими менен сезимталдык маданияты шайкеш келишпеген балдар гана түрдүү пастыкка дилгир болушат [2, 294].

Мектепте жана орто кесиптик окуу жайларда кыргыз адабияты сабагында Ч.Айтматовдун чыгармалары окуу планына кирген. Ч.Айтматовдун чыгармаларында чоңдордун балдарга мамилеси, балдардын үй-бүлөдөгү ордун, алардын көз карашын, сүйүүгө болгон мамилесин, тарбиясын таасирдүү көрсөтө алган жана өзүнүн өмүр баянында да ата-эне, чоң ата, чоң эненин ролу жөнүндө көп сөз кылат. Алсак, «Атадан калган туяк» чыгармасында Авалбектин кинодогу «атасына» сыймыктанышы, «Ак кемеде» Балага чоң атасынын таасир этиши, «Эрте келген турналарда» Султанмуратка атасынын, «Делбиримде» Саматка Байтемирдин, «Биринчи мугалимде» Алтынайга Дүйшөндүн таасири, аларга турмушка багыт берип, жаш муунду турмушту башкача көз караш менен кароого үндөйт. Демек, баланын тарбиясында ата-эненин ролу чоң экендигин жазуучу баса белгилейт. Экинчиден, өспүрүм курактагы балдар кыйынчылык кезде өздөрүн кандай алып жүрүшкөн, ата-энесине кандай жөлөк болушкан, кандай иш-аракеттерди жасашкан деген суроолорго чыгармалардан жоопту тапса болот

Мектептин жогорку класстарында (10-11-класс) жана орто кесиптик окуу жайлардын (9 базаны аяктаган) 1-курстарында Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы, «Кылым карытар бир күн» чыгармасы окуу планына кирген. Мына ушул чыгарманы өтүүдө «Эне-Бейит» уламышын интеграциялап өтүү жолун сунуш кылабыз.

Сабакты баштаарда сабактын максаты, күтүүлүүчү натыйжалары окуучуларга тааныштырылып, анда негизги өзөк болчу окуяга багыт берилет. Айталы, Жоламан, маңкурт жөнүндөгү кыска тексттер проектор аркылуу экрандан чагылдырылат, студенттер текстте ким, эмне жөнүндө сөз болуп жатканын аныктап, маанисин чечмелешет.

**Жоламан** – «Атасынын кегин алмакка уулу кеткен согушка...», «Андагы айыгышкан чоң кармашта эки тарап аралаша чабышып жатканда уулу ат жалын кучактай жыгылганын, согуштан үркөн азоо ат ала качып жөнөгөнүн көргөндөр көп экен. Анан уулу аттан кулайт, бирок бир буту үзөңгүдөн чыкпай салаңдап калат»

**Маңкурт** – «Кечээ күнү көзүн жаңы ачкансып, өз атын да билбейт экен байкуш, ата-энеси ким экенин да билбейт, эсинде жок. Эмне сурасаң да эки сөз менен жооп берет, «ооба» же «жок»[1,142].

Студенттер ушул эки кыска үзүндү менен таанышкандан кийин адам баласынын акыл-эси өзгөрүлүп, суроого бир-эки сөз менен гана жооп бергендигин талкуулашат. Негизги маселе, Жоломан тагдырындагы маңкурттукту өзү тандап алган жок, аны адамдык сапаттан чыгаргандар болду.

Мына ушундай урунттуу жерлерде студенттерге «Маңкурт ким?» деген темада кыска эссе жазууга убакыт берилет. Тажрыйбабыз көрсөткөндөй, студенттер маңкурт жөнүндө түшүнүгү бар, бирок, алардын көз карашы боюнча бүгүнкү күндө да адам баласын аргасыз маңкурттукка жетелеген факторлордун көп экендигин да баса белгилеген учурлар болду. Ал учурлар – жаратылыш мыйзамына каршы чыгып, эркектер менен эркектердин үй-бүлө куруусу, жаштардын наркоманияга берилиши, ата-энесин карылар үйүнө, балдарын балдар үйүнө бериши, динди, каада-салтты түшүнбөй Сирия сыяктуу мамлекеттерге кетип калышы, уюлдук телефондордун таасири ж.б.у.с. Мындан жыйынтык чыгарсак, студенттер эссе жазуу аркылуу ойлору топтолот. Эссенин мазмуну менен бири-бирин тааныштырууда жалпы жана

жеке ойлор тааныштырылат, талкууну жаратат, түшүнбөгөн суроолор берилип, кайчы пикирлер да болушу мүмкүн.

Студенттердин берген ойлору менен кошо көркөм тилдик каражаттарды колдонуусу, сөз чеберчилиги кошо аныкталат. Демек, жөнөкөй эссе жазуу ыкмасы студенттерди оюн туура берүүгө, туура сүйлөөгө, аргумент менен далил келтирүүгө, бирөөнүн пикирин угууга тарбияланат, эң негизгиси бүгүнкү күндүн маңкуртун көбөйтпөө үчүн сунуштар айтылат.

Бул уламышта Ч.Айтматов эненин образын жогорку деңгээлге алып чыккан. Эне – балдардын ою боюнча тирөөч, үйдүн куту. Студенттерди уламыштан алынган эне жөнүндөгү кыска эпизод менен тааныштырабыз.

«Наймандан чыккан бир эне гана колго кеткен уулунун тагдырын ойлоп, чыдай албаптыр. Найман-Эне деп эл оозунда улама болуп калган киши ошол. Сары-Өзөктүн уч-кыйырсыз баардык тарабында Найман-Энени улама кылып ушу бүгүн да эл унутпайт. Тиги кабырыстандын Эне-Бейит деп аталып калышы да ошо себептен»[1,136].

Бул текстти окуу менен студенттер ар бир сүйлөмгө маани беришет. Мисалы, 1-сүйлөмдө «Наймандан чыккан бир эне гана колго кеткен уулунун тагдырын ойлоп, чыдай албаптыр» деп айтылат. Мында сезимди билдирген сөздөрдү ачкыч сөз катары пайдаланып, Эненин образын жакшы түшүнүүгө басым жасайбыз.

- Уулунун тагдырын ойлоду;
- чыдай албады;
- бир эне гана;
- кеткен уулу...

Окутуучу тарабынан ар бир сөз чечмеленип, бирок, төмөнкүдөй суроолор студенттерге берилет: «Эмнеге бир эне гана чыдай албады?», «Эмнеге ал уулунун тагдырын ойлоду?», «Эмне үчүн ал уулунун тагдырын тобокелге салган жок?»

Бул суроолор уламышты дагы терең түшүнүүгө, эненин образын, анын сезимдерин анализдей алууга жол ачат. Албетте, студенттер, эненин образын китептегидей эле айтып коюшу мүмкүн. Бирок, балдар эненин үйдөгү ордун, ага карата сый мамилени түшүнүүсү абзел. Демек, Жоламанды да энеси алпештеп чоңойткон, ал да атанын, эненин тарбиясын көргөн, бирок атасы курман болду. Атасын кегин алуу үчүн согушка аттанды, бирок, тагдыры согушта башка нукка бурулду. Найман-Эненин тагдыры – өз баласынан ажал тапкандагы тагдыры, уламыштагы трагедиялуу учур. Мына ушул учурду биз энеге карата мамиле кайсыл нукка бурулгандыгын студенттерге түшүндүрөбүз. Бүгүнкү күндө энелерге мамиле кандай болуп жаткандыгын, эне менен баланын ажырымын, миграциянын айынан балдардын энелерине болгон сый-урматтын жоктугу, канчалаган балдар энесиз өсүп жаткандыгы тууралуу айтса болот, ошол эле мезгилде биз энелерибизге кандай мамиле жасап жатабыз деген суроонун тегерегинде талкуу жүргүзөбүз.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11 класстар үчүн «Кыргыз адабияты» предмети боюнча предметтик стандартында (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) «Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк – өз умтулууларын социалдык топтун жана башка адамдардын кызыкчылыктары менен айкалыштырууга, башка адамдардын ар түрдүү көз караштарын таануунун жана баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) сый мамиленин негизинде өз көз карашын маданияттуу далилдөөгө даярдык. Керектүү маалыматты маектешүү (диалог) аркылуу алуу, аны социалдык, кесиптик, инсандык көйгөйлөрүн чечүү үчүн оозеки, жазуу

түрүндө берүү даярдыгы. Маселелерди чечүү үчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет. Окуучулар сүйлөшүүнүн (коммуникациянын) диалогдук формасын билишет, өз көз карашын далилдүү айта алышат; жанындагы адамды түшүнүшөт, угушат, өзүнүн оюнан айырмаланган көз карашка толеранттуу мамиле жасашат» деп айтылат (3,11). Ушул компетенттүүлүктү студенттерде калыптандырууда диалогго өтүү, бүгүнкү күн менен салыштыруу – чыгарманы андан да терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

Бүгүнкү күндө өспүрүм балдардын ар кандай кылмышка барышы, коомдогу терс көрүнүштөрдү өзүнө сиңириши түздөн-түз үй-бүлөгө байланыштуу. Найман-Эненин образын талкуулап, бүгүнкү күнгө салыштыруу менен студенттер эне менен баланын ажырымын, тарбиясын биле алышат. «Көпчүлүк ата-энелер Россияда, Казакстанда ж.б. чет өлкөлөрдө, ал эмес, айылдан алыс Бишкекте балдарды багуу үчүн иштеп жүргөн, өздөрү алыс болсо да жан дүйнөсү жакын болууну түшүнүүсү өзгөчө маанилүү.

Турмуш-тиричилик, акча-байлык деп өз балдарына кайдыгер, кош көңүл мамиледе болуп же балдарга зордук-зомбулук менен тарбия берген, сүйүү, мээрим жетишпеген үй-бүлөлөрдө эки түрдүү балдар өсүп чыгат. Биринчиси эч кимге жана эч нерсеге кызыкпаган, окугусу келбеген, көздөрүндө балалык мээримге тойбогон, башкаларга да аны бере албаган ачуулуу, агрессивдүү балдар. Мындай балдар келечекте өзүнө, жакындарына өздөрү жашаган коомго зыян келтириши мүмкүн» [4, 63].

Демек, Найман-Эне баласынын акыл-эсин калыптандырууга аракет жасап, атасынын атын эстетүүгө далалат кылса да, маңкурт болгон Жоломан энесинин эне экендигин, ак сүтүн берген адам экендигин сезе алган жок. Ал эми бүгүнкү балдардын тарбиясын калыпка келтире албай маңкуртка айлантып жатканыбызга ким күнөөлүү деген суроого жооп берүү үчүн студенттер кайрадан эссе жазышат. Анткени, ойлорду жыйынтыктоо, маңкурттун образы аркылуу жашоону түшүнүү, ошону менен катар Ч.Айтматов койгон негизги проблеманы түшүнүшү шарт.

Эне-Бейит окуясы метафоралык мааниге ээ. Андагы жуан-жуандар туткундарды башына шири кийгизип, акыл-эсинен айрып маңкурт кылып олтурат.

Сабактын жыйынтыктоочу этабында студенттерге «маңкурт» жөнүндөгү түшүнүктү дагы да терең түшүнүү үчүн, студенттерди төмөнкү эпизод менен тааныштырабыз:

«Маңкурт деген эс-акылдан ажыраган бир сөлөкөт: өзү ким, эл-жери кайда, ысмы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон, эчтеме эсинде калбайт, эчтемени билбейт, кыскасы өзүн адам элем деп эсептебей калат. Өзүн-өзү таануудан калганы менен маңкурттун чарба тиричиликте бир топ артыкчылыгы бар. Өзү аягы айры, башы кара бир макулук болгон соң айдаган жакка кыңк этпей басат, айткан ишти кыңк этпей аткарат. Качам-коём, каяша кылам деген ой түшүнө да кирбейт.

Маңкурт итке окшоп ээсин гана ээрчип калат, ээсин гана тааныйт. Башка эч жанды тааныбайт да, билбейт, ошол үчүн башка бирөө менен сүйлөшпөйт. Анын бар болгон ою - кара курсак. Башка эч камы жок. Бирок тапшырылган ишти жан-дили менен, өчөшкөндөй берилип аткарат. Адатта маңкурттарды эң балит, оор же болбосо макоо жан да чыдай алгыс бир калыпта созулчу узак жумуштарга коюучу. Жоо кыйнаса төө кайтартат, жалгыз өзү көп төөчүлөргө татыйт. Курсагын гана тойгузуп турса болду, жапайы болуп кеттим дебейт, зериктим дебейт, жайдыр-кыштыр төө артында жүрө берет. Ээсин көрсө итинен бетер

кубанат. Үстүндө эски-уску кийим болуп суукта үшүбөсө, курсагы тоюп турса, башка эчтеме сурабайт да кейибейт...

Адамдын адам болгон касиети, жаралганда кошо жаралып, өлгөндө өзү менен кошо кетчү, айбандан айырмалап турган жалгыз касиети эс-акыл болсо, аны түп тамыры менен жулуп салса, - бу не деген шумдук, андан көрө туткунду жүрөгүн өлтүрөр кыйноого салса, же түз эле башын алып салса тигиге салыштырганда адилетчилик болбойбу. Кыяматтуу туңгуюк тарыхынан жамандыктын не бир кыянаттуу түрлөрүн алып чыккан айдар көкүл көчмөн жуңжаңдар эми адамдын эң ыйык назилине кыянатчылык кылышты. Алар адамдын эс-учун жоготуунун жолун табуу менен бирге адам табиятына каршы ойго келгис кыянатчылык кылышты»[1,137, 138 ].

Бул текст аркылуу студенттер жазган ойлорун жыйынтыктап, «Маңкурт» деген түшүнүктү талкуулашат. Эмне үчүн жазуучу бул уламышты чыгармага киргизди, муну менен эмнени айткысы келди? Студенттер (окуучулар) чыгармадагы Сабитжандын образын салыштыруу менен, бүгүнкү күндүн Сабитжандары да көп экендигин айгинелешет. Анткени, ата-тегин билүү (Найман-Эне баласына атасынын атын эстетүүсү, ата-тегин билип жүрүүсү), улуулардын кеп-насаатын угуу арткы планга калгандай, керээзди аткарбоо, каада-салттын, маданиятыбыздын майда-барат табериктери жок болуп кетип жаткандыгын айтышат. Ооба, бүгүнкү цивилизация Сабитжан жашаган доордон да алда канча бийиктикке чыкты, бирок адамдык факторлор кызматка умтулуу, өлгөн атасынын тажиясына келбей коюу, келиндердин кайын-журтка мамилеси, текеберленүү сыяктууу көрүнүштөр толтура экендигин баса белгилешет. Муну менен студенттер өтмүшүбүздөн тарбия алып, ата-энеге, үй-бүлөгө, коомго мамилени кандай жасоо керек, эң негизи, маңкурт эмес, адам болуу зарыл экендигин түшүнүшөт.

Чыңгыз Айтматов келечекти көрө билген жазуучу экендигин эч ким тана албайт. Ал адам баласын жаңы технологиянын пайда болушу менен техника башкарып каларын ошондо эле айтып койду. Учурда кичинекей бөбөгүбүздөн тартып, уюлдук телефондордун, гаджеттердин кулу болгонубуз жалганбы же болбосо, карьера, кызмат, байлык үчүн бир тууган бир тууганды, ата-энесин, жакынын аябагандыгын кантип жашырабыз. Романдын жазылганына бир топ убакыт болду, бирок, Чыңгыз атабыздын адамзатка эскерткен насаатын унутпоо, жаштарга эскертүү – улуу муундан көз каранды. Биз кандай жол көрсөтсөк, жаштарыбыз, балдарыбыз дал ошол жол менен басат. Андыктан, бүгүнкү күндүн өспүрүм балдарына туура багыт көрсөтүп, келечектин мыкты инсандарын жараталы.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Айтматов Ч.Т. Чыгармаларынын жыйнагы. [Текст] ⁄ Ч.Айтматов //4-том. Роман, аңгеме ⁄ түз. А. Акматалиев. Б.: Бийиктик, 2008. – 503 б.

2. Апышев Б.А. Педагогика. [Текст] ⁄ Б.А.Апышев, Д.Бабаев, Т.А. Жоробеков // Болочок жана мектеп мугалимдери үчүн колдонмо. – Б.: 2002. – 440 б.

3. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 10-11 класстар үчүн «Кыргыз адабияты» предмети боюнча предметтик стандарты (окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) [Текст] ⁄ Кыргыз адабияты боюнча предметтик стандарт. – Б.:2018

4. Мадаминов Г. М. Ата-энелер сиздер үчүн. [Текст]⁄Г. Мадаминов. – Б.: 2017. – 122 б.

5. Муратов А. Айтматовду мектепте окутуу. [Текст] ⁄ А. Муратов. К.Акматов. – Б.: Глобал Принт, 2017. – 276 б.

**Интернет булактары**

1. https://edu.gov.kg/media/files/515d2bc4-2729-4cd0-8d88-b2167e73cf9e.pdf

УДК : 159.9
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(2)-198-202

**Кудабаева Гулира Байдылдаевна, Курманбаева Гүлсада**
Талас мамлекеттик университети, философия илимдеринин кандидаты, доцент
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Кудабаева Гулира Байдылдаевна, Курманбаева Гүлсада**
Таласский государственный университет, кандидат философских наук, доцент,
Таласский государственный университет, магистрант
**Kudabayeva Gulira Baidyldaevna, Kurmanbaeva Gulsada**
Talas State University, Candidate of Philosophical Sciences, Associate Professor,
Talas State University, Master's student

## БАЛАГА ОКУТУП-ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕ ЖЕКЕЧЕ МАМИЛЕ ЖАСООНУН ПСИХОЛОГИЯЛЫК МААНИСИ
## ПСИХОЛОГИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ ИНДИВИДУАЛЬНОГО ПОДХОДА К РЕБЕНКУ В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЯ И ВОСПИТАНИЯ
## THE PSYCHOLOGICAL SIGNIFICANCE OF AN INDIVIDUAL APPROACH TO A CHILD IN THE PROCESS OF EDUCATION AND UPBRINGING

**Кыскача мүнөздөмө.** Бул эмгекте балдарга жекече мамилелерди туура жасоо азыркы күндө өтө актуалдуу маселелерден экендиги баса белгиленди. Балдарга жекече мамиле жасоодо алгач анын жекече өзгөчөлүктөрүн талдап билүү керек. Жекече өзгөчөлүктөрүн билбей туруп, балага жекече мамиле жасоо мүмкүн эмес. Ар бир адам өзүнчө индивидуалдуулукка ээ. Мүнөзү, темпераменти, шык, жөндөмдүүлүктөрү боюнча окшош адамдарды табуу мүмкүн эмес. Мисалы, темпераменттин типтерин анализдөөдө, ар бир типтин жакшы жактары менен кошо эле кемчиликтери да бар. Атап айтканда, флегматик окуучу баланын эмоциясын ойготуп, активдештирбесе кайдыгер, шалаакы адам болуп калышы мүмкүн. Холерик тибиндеги окуучу шашкалак, өтө активдүү болгондуктан, көбүнчө берилген тапшырманы аягына чыгара аткарбайт, демек, мындай балдарды токтоолукка, сабырдуулукка чакырабыз, меланхолик балдарды өзүнө болгон ишенимин бекемдейбиз, сангвиниктердин эмоциясын туруктуулукка тарбиялайбыз ж.б.у.с.

**Аннотация.** В данной работе подчеркивается, что правильность индивидуального подхода к детям является одной из самых актуальных проблем в настоящее время. При индивидуальном подходе к детям необходимо сначала проанализировать его индивидуальные особенности. Невозможно относиться к ребенку индивидуально, не зная его индивидуальных особенностей. У каждого человека своя индивидуальность. Невозможно найти людей, похожих по характеру, темпераменту, навыкам, способностям. Например, при